**Шерова Атыргүл Каарбаевнанын 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча “Манас” эпосунун фоностатистикасы” деген темада филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациялык ишинин расмий оппоненти, филология илимдеринин доктору Жумалиев Самат Субанкуловичтин**

**Пикири**

Диссертациялык иштин максаты катары “Манас” эпосунун тексти жана сөздүгүндөгү тыбыштардын колдонушуна фоностатистикалык илик жүргүзүү тандалып алынган.

Иштин киришүүсүндө теманын актуалдуулугу, изилдөөнүн обьектиси, предмети, максаты, милдеттери, изилдөө методдору, иштин илимий жаңылыгы, теориялык жана практикалык мааниси, коргоого коюлуучу жоболору, изилдөөчүнүн жеке салымы, иштин апробациясы жана талкууланышы, түзүлүшү жөнүндө маалыматтар берилген.

Диссертациялык иштин 1-бабында түркология илиминде жана кыргыз тил илиминде тыбыштардын изилдөө маселелерине сереп жасалган. Анда Махмуд Кашгари, А.Н.Кононов, А.Жүнисбек, Л.В.Щерба, И.Я.Селютина, Н.С.Уртегешов, К.Тыныстанов, Т.Ахматов, А.Орусбаев, К.Токтоналиев, Т.Садыков өңдүү окумуштуулардын эмгектерине талдоо жүргүзүлөт. «Манас» эпосундагы жалпы фоностатистикалык материалдарга мүнөздөмө берилет.

Экинчи бабында «Манас» эпосундагы үндүү тыбыштардын фоностатистикалык өзгөчөлүктөрү иликтенет. Мында үндүү тыбыштардын сөздүн бардык өңүтүндө, сөз башында, ортосунда, аягында колдонулушунун статистикалык саны көрсөтүлүп, Жусуп Мамайдын «Манасынын» текстиндеги үндүү тыбыштардын созулма-кыскалык, кең-кууштук, ачык-эриндик, жоон-ичкелик белгилери боюнча сандык жана пайыздык катышы берилип, Сагымбай менен Саякбайдын «Манасынын» сөздүк курамындагы 20276 сөздү уюштуруу үчүн 115 000 тыбыш колдонулуп, алардын ичинен



21-10-19

үндүүлөрдүн жалпы саны 46686 тыбышты же 40,60% ды, үнсүздөрдүн жалпы саны 68314 тыбышты, же 59,40% ды түзүп турары аныкталып, кыска-созулма үндүүлөр беш топко ажыратылып, алардын белгилери боюнча колдонулуш жыштыгы изилденет.

Иштин 3-бабы «Манас» эпосундагы үнсүздөрдүн фоностатистикасы» деп аталат. Бул бапта «Манастагы» үнсүз тыбыштардын сөздүн бардык позициясындагы фоностатистикалык өзгөчөлүктөрү иликтенип, үнсүздөрдүн жасалуу ыгы, орду, үн катышы жана түгөйлөштүк белгилерине карай колдонулуш жыштыгы, сандык-пайыздык катышы тиешелүү сөздүк таблицалары аркылуу тастыкталган.

Диссертациянын ар бир бөлүмүнүн акырында тыянактары чыгарылып, жыйынтыкталган. Иштин корутунду бөлүгүндө изилдөөдөн алынган жыйынтыктарынын пайыздык үлүшү чагылдырылып, тыбыштардын функционалдык күчүнө байланыштуу айрым мыйзамченемдүү кубулуштары белгиленет. Библиографиялык адабияттардын көрсөткүчү 219 эмгекти түзөт.

Ушулардын негизинде төмөндөгүлөрдү белгилейбиз.

**I.Теманын адистикке дал келиши.** Диссертант Шерова Атыргүл Каарбаевнанын "Манас" эпосунун фоностатистикасы" аттуу 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши өзүнүн изилдөө объектиси, предмети, мазмуну, изилдениш багыты боюнча 10.02.01 – кыргыз тили адистигинин профилине дал келет.

**II. Теманын актуалдуулугу.** Диссертациялык теманын актуалдуулугу жана кыргыз тил илими үчүн зарылдуулугу төмөндөгү маселелер жана изилдөө багыттары менен түшүндүрүлөт:

1) Тилдин түпкүрүндө катылган, кепте анчейин байкалбаган, салттуу лингвистикалык ыкмалар аркылуу териштирүүгө мүмкүн болбогон, көлөмү зор факты-материалдардын аркасында сакталган купуя кубулуштардын статистикалык ыкмалардын негизинде гана аныкталуу мүмкүнчүлүгү;

2) Тектеш түрк тилдеринин фоностатистикасын изилдөө ыкмаларын иштеп чыгуу максатында тилдик системанын бирдиги сөздүктөгү сөз, ал эми система жараткан тексттин бирдиги сөз формасы деген жобого таянуу менен “Манас” эпосунун жыштык сөздүктөрүн түзүү жана аларга фоностатистикалык илик жүргүзүү аркылуу тыбыштардын функционалдык күчү менен артикулятордук базасын тастыктоого өбөлгө түзүү;
3) Кыргыздардын сүйлөө органдарынын активдүүлүк даражасы менен улуттук мүнөздүү купуя тейде жана кыйыр түрдө чагылдырган фоностатистикалык маалыматтардын антропологиялык өңүттөн түрк тилдеринин контекстиндеги изилдөөлөрдү талап кылары.

Негизи, тилдеги тыбыштардын акустика-артикуляциялык табияты өтө татаал кубулуш. Себеби кеп агымында бир тыбышты айтуу үчүн адамдын сүйлөө органдарынын 100дөн ашуун булчуңдары аракетке келет экен. Бирок пикир алышуу процессинде тыбыштарга жалпы мүнөздүү болгон өзгөчөлүктөрүн гана пайдаланабыз. Айталы, казак тилинин фонетикалык базасы өз курамына 500дөн ашуун тыбышты камтып турарын окумуштуу Алимхан Жүнисбек изилдеп көрсөткөн. Андыктан кыргыз тилинде да мүнөздүү жеке өзгөчөлүктөрүнө карай тыбыштардын саны салттуу 39 тыбыштан көп деп эсептелинип келген жана ал теорияны аныктоо үчүн тилдеги тыбыштарга фоностатистикалык изилдөөлөрдүн жүргүзүлүшү зарыл эле. Мына ушул аспектиден алганда диссертант А.К.Шерованын “Манас” эпосунун фоностатистикасы” аттуу диссертациялык иши олуттуу мааниге ээ болот жана “Манас” эпосунун тексттик тутумунда 82 тыбыш бар экендигин белгилейт. Изилдөөнүн жыйынтыктары кыргыз тилиндеги тыбыштардын функционалдык күчүн аныктоого жана артикулятордук базасын тастыктоого өбөлгө түзөрү шексиз жана бул айтылгандар теманын актуалдуулугун айгинелейт.

**III. Диссертациялык иштин илимий жыйынтыктары.**

Диссертациялык иш бул багыттагы кийинки изилдөөлөр үчүн мааниге ээ боло турган, илимий мүнөздө негизделген төмөнкүдөй жыйынтыктарга ээ:

*1-жыйынтык:* “Манас” эпосунун Жусуп Мамай нускасынын тексти жана Сагымбай менен Саякбай нускасынын сөздүгүнүн негизинде тыбыштардын түрдүү жыштык сөздүктөрүнүн жасалышы;

*2-жыйынтык:* “Манас” эпосунун Жусуп Мамай нускасынын тексти жана Сагымбай менен Саякбай нускасынын сөздүгүнүн негизинде тыбыштардын жалпы фоностатистикасынын аныкталышы (1-бап);

*3-жыйынтык:* “Манас” эпосунун Жусуп Мамай нускасынын тексти жана Сагымбай менен Саякбай нускасынын сөздүгүнүн негизинде үндүү тыбыштардын сөз башында, сөз ортосунда жана сөз аягында келүү фоностатистикасынын иликтенип аныкталышы (2-бап);

*4-жыйынтык:* “Манас” эпосунун Жусуп Мамай нускасынын тексти жана Сагымбай менен Саякбай нускасынын сөздүгүнүн негизинде үнсүз тыбыштардын сөз башында, сөз ортосунда жана сөз аягында келүү фоностатистикасынын изилденип аныкталышы (3-бап).

*5-жыйынтык:* “Манас” эпосунун Жусуп Мамай нускасынын тексти жана Сагымбай менен Саякбай нускасынын сөздүгүнүн фоностатистикалык изилдөөлөрдүн жыйынтыктарынын негизинде тыбыштардын функционалдык күчүнүн аныкталышы (2,3-баптар).

**IV. Диссертациялык иштеги илимий жыйынтыктардын жаңылык деңгээли.**

**1-жыйынтык жаңы,** анткени буга чейин “Манас” эпосунун Жусуп Мамай айткан варианты жана Сагымбай, Саякбай айткан варианттары боюнча атайын фоностатистикалык изилдөөлөр жүргүзүлгөн эмес жана бул тил менен кеп биримдигин фонологиялык деңгээлде изилдөөгө багытталган иш катары бааланат.

**2-жыйынтык жаңы,** анткени “Манас” эпосунун Жусуп Мамай айткан вариантынын жана Сагымбай, Саякбай айткан варианттары боюнча

сөздүгүнүн негизинде тыбыштардын жалпы фоностатистикасы такталып, эпостогу тыбыштардын колдонулуш жыштыгы менен пайыздык үлүшүнө карата топтук көрсөткүчү боюнча үндүү-үнсүз тыбыштардын функционалдык күчү аныкталган.

**3-жыйынтык жаңы,** "Манас" эпосунун Жусуп Мамай айткан вариантынын жана Сагымбай, Саякбай айткан варианттары боюнча сөздүгүнүн негизинде үндүү тыбыштардын сөз башында, сөз ортосунда жана сөз аягындагы колдонулуш үлүшү менен функционалдык күчү сандык-пайыздык көрсөткүчтөр аркылуу белгиленип, сөз башында ачык үндүүлөр эрин үндүүлөргө караганда 2 эсеге, сөз соңунда кең-кууштук белгиси боюнча кең үндүүлөр 20%га күчтүүлүк кылары аныкталган.

**4-жыйынтык жаңы,** "Манас" эпосунун Жусуп Мамайдын жана Сагымбай, Саякбай манасчылардын айткан варианттары боюнча сөздүгүнүн негизинде үнсүз тыбыштардын түрдүү позицидагы функционалдык фоностатистикасы такталып, эпос тутумундагы тыбыштардын классификациялык белгилери боюнча функционалдык жактан эң күчтүүсү, эң алсыз тыбыштары аныкталган.

**5-жыйынтык салыштырмалуу жаңы,** тыбыштардын фонемалык касиети, сөз маанисин өзгөртүүчү кудурети, стилистикалык, поэтикалык кызматына байланыштуу маселелер тил илиминде изилденип келе жатат. Бирок кыргыз тил илиминде функционалдык кызматы аркылуу үндүү, үнсүз тыбыштардын лексикалык маани жүктөлгөн сөздүн уңгусун куроо мүмкүнчүлүгүн жана сүйлөө органдарынын улуттук мүнөздү чагылдыруучу касиеттеринин активдүүлүк даражасын антрополингвистикалык өңүттөн изилдөөлөр жүргүзүлө элек.

**6-жыйынтык жарым-жартылай жаңы,** себеби жалпы тил илиминде жана түркологияда эксперименттик фонетикалык изилдөөлөр жүргүзүлүп, кыргыз тил илиминде кыргыз тилинин тыбыштык түзүмү, айрыкча сегменттик жана суперсегменттик бирдиктердин акустикалык-артикуляциялык базасы эксперименттик ыкмаларда изилденип аныкталган.

## V.Диссертациядагы илимий жыйынтыктардын иегизделиши жана ишенимдүүлүгү

***1-жыйынтык.*** "Манас" эпосунун Жусуп Мамай айткан варианты жана Сагымбай, Саякбай айткан варианттары боюнча сөздүктүн негизинде тыбыштардын жыштык сөздүктөрү түзүлүп, алардын негизинде фоностатистикалык изилдөөлөрдү жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөрү тиешелүү факты-материалдар аркылуу далилденип, тил жана кеп биримдигин фонологиялык деңгээлде изилдөөгө багытталган обьективдүү кадам экени негиздүү белгиленген.

***2-жыйынтык.*** "Манас" эпосунун Жусуп Мамай айткан вариантынын жана Сагымбай, Саякбай айткан варианттары боюнча сөздүгүнүн негизинде тыбыштардын жалпы фоностатистикасы аныкталып, тыбыштардын колдонуу жыштыгына жана үлүшүнө карай жыштык сөздүгү түзүлүп, аларды колдонулуш жыштыгы жана үлүшүнө карата 5 топко бөлүштүрүп, үндүү-үнсүз тыбыштардын функционалдык күчү статистикалык (сандык, пайыздык) көрсөткүчтөрү аркылуу аныкталып көрсөтүлгөн.

***3-жыйынтык.*** "Манас" эпосунун Жусуп Мамай айткан вариантынын жана Сагымбай, Саякбай айткан варианттары боюнча сөздүгүнүн негизинде үндүү тыбыштардын сөз башында, сөз ортосунда жана сөз аягындагы колдонулуш үлүшү менен функционалдык күчү сандык-пайыздык көрсөткүчтөр аркылуу белгиленип, сөз башында ачык үндүүлөр эрин үндүүлөргө караганда 2 эсеге, сөз соңунда кең-кууштук белгиси боюнча кең үндүүлөр 20%га күчтүүлүк кылары аныкталган.

***4-жыйынтык.*** "Манас" эпосунун Жусуп Мамай айткан вариантынын жана Сагымбай, Саякбай айткан варианттары боюнча сөздүгүнүн негизинде үнсүз тыбыштардын сөз башында, сөз ортосунда жана сөз аягында келүү фоностатистикасы изилденип, жарылма-жылчыкчылдык белгиси боюнча функционалдык жактан эң күчтүүсү – жарылмалар, алсызы – жылчыкчылдар, жасалуу орду боюнча эң күчтүүсү – тишчилдер, эң алсызы – орточулдар, түйгөйлөш-уяңдык белгиси боюнча эң күчтүүсү – түгөйлөштөр, алсызы –

уяңдар, каткалаң-жумшактыгы боюнча эң күчтүүсү – каткалаңдар, алсызы – жумшактар экени жана лексикалык маани жүктөлгөн сөздүн уңгусун куроого жарылма үнсүздөр көп катыша тургандыгы аныкталган.

***5-жыйынтык.*** Үндүү, үнсүз тыбыштардын функционалдык кызматы аркылуу лексикалык маани жүктөлгөн сөздүн уңгусун куроо мүмкүнчүлүгү жана сүйлөө органдарынын улуттук мүнөздү чагылдыруучу касиеттеринин активдүүлүк даражасы боюнча антрополингвистикалык өңүттөн изилдөөлөрдү жүргүзүүгө болору ачыкталып, кыргыз тилиндеги тыбыштардын функционалдык күчү менен артикулятордук базасынын тастыкталышына өбөлгө түзүлөрү белгиленген.

**6-жыйынтык.** Тектеш түрк тилдеринин фоностатистикасын изилдөө ыкмаларын иштеп чыгуу максатында тилдик системанын бирдиги сөз, ал эми система жараткан тексттин бирдиги сөз формасы деген жобого таянуу менен жалпы көлөмү 598956 сөз колдонулган “Манас” эпосунун Сагымбай менен Саякбайдын варианттары жана көлөмү 750904 сөз колдонулган Жусуп Мамайдын варианты боюнча компьютер аркылуу сөз формаларынын жыштык сөздүктөрү түзүлүп, фонетика жана лингвостатистикалык изилдөөнүн негизи катары А.Н.Кононов, Л.В.Щерба, М.Эргин, Ж.Дени, А.Жүнисбек, К.Тыныстанов, А.Байтурсынов, Т.Ахматов, А.Орусбаев, К.Токтоналиев, Ж.Сыдыков, Т.Садыков өңдүү окумуштуулардын эмгектери пайдаланылган.

**VI. Алынган жыйынтыктардын ички биримдигин баалоо**

Изилдөөдөн алынган жыйынтыктар ички биримдикке, улантуучулук мүнөзгө, логикалык ырааттуулукка, маани-маңыздык байланыштуулукка ээ.

**VII. Алынган жыйынтыктардын тиешелүү актуалдуу проблемага, теориялык же колдонмо маселеге багытталышын баалоо**

Шерова Атыркүл Каарбаевнанын диссертациялык иши кыргыз тил илиминде буга чейин изилдөөгө алына элек маселеге, башкача айтканда, “Манас” эпосундагы тыбыштардын колдонулушунун фоностатистикасын изилдөөгө багытталган. Ошондуктан диссертациянын жыйынтыктары,

материалдары, жоболору илимий изилдөөчүлүк, билим берүүчүлүк, практикалык мааниге ээ.

**VIII. Диссертациянын негизги жоболорунун, жыйынтыктарынын, бүтүндүгүнүн жетиштүү санда жарык көрүшү**

Диссертациялык изилдөөдөн алынган негизги жыйынтыктар, жыйынтык-корутундулар илимий-практикалык конференцияларда окулган баяндамаларда, диссертанттын жеке авторлугу менен жарык көргөн Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясы тарабынан талап кылынган жыйнактарында 16 илимий макалада чагылдырылган.

**IX. Автореферattын диссертациянын мазмунуна шайкеш келиши**

Автореферат диссертациялык иштин мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максаты менен милдеттерине шайкеш келет. Авторефератта диссертациянын негизги идеялары, изилдөөдөн алынган жыйынтыктары жазылып, автордун кошкон салымы, жаңылыгынын даражасы, изилдөөнүн практикалык баалуулугу көрсөтүлгөн. Авторефератка коюлуучу талаптар толук сакталган.

**IX. Диссертациялык иштин мазмунунда жана түзүлүшүндө кездешкен айрым кемчиликтер**

Диссертациялык иш боюнча төмөндөгүдөй сунуштарды айтуу менен айрым бир эске алуучу жагдайларды белгилей кетели:

1.Диссертацияда “Манас” эпосунун Сагымбай Орозбаков менен Саякбай Каралаев айткан варианттарынын академиялык басылмаларынын материалдары да эске алынса, изилдөө жыйынтыктары толук, так болуп, иштин илимий баалуулугу артмак.

2. Феностатистикалык сөздүк түзүүнүн компьютердик программасы жана алгоритмдери, тыбыштарды аныктоо программаларынын үлгүлөрү, жыштык сөздүктөр, салыштырмалуу статистикалык таблицалар диссертациянын аягында тиркеме түрүндө берилсе болмок.

3. Диссертациялык иште орфографиялык, техникалык каталары кездешет, мурда көрсөтүлгөн айрым каталары да орун алган: *“III бап (86-*

*бет)"* коюлбай калган. Мисалы: *дана (39-бет), каталган (48-бет), үндүүлөрнөн (49-бет),обьектитвдүү (85-бет), жактанага (23-бет), тыбыштын32 и (44-бет) ж.б.* Ошондой эле *4-5-топогу* (42-бет), *эринн* (43-бет), *текстиндесөз (159-бет),*

Бирок жогорудагы кемчиликтер иштин жалпы мазмунуна эч шек келтире албайт жана анын баалуулугун төмөндөтпөйт.

**X. Диссертациянын КР ЖАКтын «Окумуштуулук даражаларды ыйгаруу тартиби жөнүндөгү Жобосунун» талаптарына ылайык келиши**

Шерова Атыркүл Каарбаевнанын 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча "Манас" эпосунун фоностатистикасы" деген темада филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациясы КР УАК тарабынан коюлган талаптарга жооп берет. Ал эми анын автору 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу.

**Расмий 1-оппонент,**
**филология илимдеринин**
**доктору** **С.С.Жумалиев**

*Филология илимдеринин доктору Жумалиев Самат Субанкуловичтин кол тамгасын тастыктаймын:* *Жолдошбаева Ж.Ж.*
*ТалМУнун КБ башчысы*

Диссертациялык кеңешке 10-декабрында келип түштү